| Q-2024-0004<br>*(Документтин шифри)*<br>15<br>*(Беттин саны)*<br>07.03.2024<br>*(Бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университети<br>**САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ**<br>**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУУ-УСУЛДУК БИРИКМЕСИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО** |
|---|---|

**ОшМУнун ректорунун**
**07.03.2024 ж №1067-ФХД/24**
**буйругу менен**
**БЕКИТИЛДИ**

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУУ-УСУЛДУК БИРИКМЕСИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

2024-жыл

| Q-2024-0004<br>*(Шифр документа)*<br>15<br>*(Количество страниц)*<br>07.03.2024<br>*(Дата утверждения)* | Ошский государственный университет<br>**ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА**<br>**ПОЛОЖЕНИЕ ОБ УЧЕБНО-МЕТОДИЧЕСКОМ ОБЪЕДИНЕНИИ ОШГУ** |
|---|---|

**УТВЕРЖДЕНО**
**приказом ректора**
**ОшГУ**
**от 07.03.2024 №1067-ФХД/24**

# ПОЛОЖЕНИЕ ОБ УЧЕБНО-МЕТОДИЧЕСКОМ ОБЪЕДИНЕНИИ ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

2024 год

**ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ**

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин окуу-усулдук бирикмеси жөнүндө жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | 2023-жылдын 1-декабрындагы ОшМУнун Административдик кеңешинин № 11 протоколунун чечими менен, жактырылып, Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунушталган. 2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 6 протоколунун чечими менен кабыл алынган. |
| Документтин шифры | Q-2024-0004 |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул Жобо ОшМУда ишке ашырылып жаткан баштапкы, орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү максатында түзүлгөн университеттин окуу-усулдук бирикмесинин ишмердигинин тартибин аныктап турат. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

**ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА**

| | |
|---|---|
| Название документа | Положение об учебно-методическом объединении ОшГУ |
| Инициация документа | Политика обеспечения качества ОшГУ |
| Тип документа | Положение |
| Дата утверждения | Одобрено и рекомендовано к утверждению на заседании административного совета ОшГУ 1 декабря 2023 года, протокол №11. Принято на заседании ученого совета ОшГУ 1 марта 2024 года, протокол № 6. |
| Шифр документа | Q-2024-0004 |
| Аннотация документа | Настоящее положение определяет порядок деятельности учебно-методического объединения университета, созданного в целях развития программ начального, среднего, высшего, послевузовского профессионального образования, реализуемых в ОшГУ. Положение является документом системы обеспечения качества университета |

| ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ | | СОДЕРЖАНИЕ ДОКУМЕНТА | Страница |
|---|---|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет | Титульный лист | 1 |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет | Паспорт нормативного документа | 2 |
| Жалпы жоболор | 3-бет | Общие положения | 3 |
| Негизги максаттары жана милдеттери | 3-бет | Основные цели и задачи | 3 |
| ОУБдун түзүмү | 4-бет | Структура УМО | 4 |
| Координациялык кеңештин ишмердиги | 5-бет | Деятельность координационного совета | 5 |
| Окуу-усулдук бирикменин төрагасынын укуктары жана милдеттери | 5-бет | Права и обязанности председателя учебно-методического объединения | 5 |
| Координациялык кеңештин катчысынын укуктары жана милдеттери | 5-бет | Права и обязанности секретаря координационного совета | 5 |
| ОУБдун тармактык комитеттеринин ишмердигинин уюштурулушу | 6-бет | Организация деятельности отраслевых комитетов УМО | 6 |
| ОУБдун тармактык комитеттеринин милдеттери | 6-бет | Обязанности  отраслевых комитетов УМО | 6 |
| ОУБдун тармактык комитеттеринин укуктары | 7-бет | Права отраслевых комитетов УМО | 7 |
| Эксперттер | 8-бет | Эксперты | 8 |

| Q-2024-0004<br>*(Документтин шифри)*<br>07.03.2024.<br>*(Бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университети<br>САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ<br>ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУУ-УСУЛДУК БИРИКМЕСИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО |
|---|---|

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУУ-УСУЛДУК БИРИКМЕСИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**1-бап. Жалпы жоболор**

1.1. ОшМУнун окуу-усулдук бирикмеси (ОУБ) университеттин алдыңкы тажрыйбалуу илимий-педагогикалык кадрларынан, иш берүүчүлөрдөн, ата мекендик жана чет өлкөлүк ЖОЖдордун өкүлдөрүнөн куралып, окуу процессин өркүндөтүү аркылуу кесипкөй адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу боюнча окуу-илимий, окуу-методикалык иштерди координациялоочу коллегиалдуу жана көз карандысыз орган болуп эсептелет жана университеттин окумуштуулар кеңешинин алдында түзүлөт.

1.2. ОУБ өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 "Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын

| Q-2024-0004<br>*(Шифр документа)*<br>07.03.2024.<br>*(Дата утверждения)* | Ошский государственный университет<br>ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА<br>ПОЛОЖЕНИЕ ОБ УЧЕБНО-МЕТОДИЧЕСКОМ ОБЪЕДИНЕНИИ ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА |
|---|---|

**ПОЛОЖЕНИЕ ОБ УЧЕБНО-МЕТОДИЧЕСКОМ ОБЪЕДИНЕНИИ ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА**

**1 глава. Общие положения**

1.1. Учебно-методическое объединение (УМО) ОшГУ создается при ученом совете университета и является коллегиальным и независимым органом по координации учебно-научной, учебно-методической работы по повышению качества подготовки специалистов путем совершенствования учебного процесса, состоит из передовых научно-педагогических кадров университета, работодателей, представителей отечественных и зарубежных вузов.

1.2. УМО в своей деятельности руководствуется указом президента Кыргызской Республики "О мерах по повышению потенциала и конкурентоспособности образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики" от 18 июля 2022 года №243, постановлением Кабинета министров КР от

| | |
|---|---|
| потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 "Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө", 2024-жылдын 5-февралындагы №45 "Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө", КРдин 2023-жылдын 22-июнунда кабыл алынган "Билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомдорун, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган №179 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын, университеттин Уставын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.<br>1.3.ОУБдун чечимдери коллегиалдуу, ачык добуш менен кабыл алынат жана сунуштоочу мүнөзгө ээ.<br>1.4.ОУБдун ишмердигин жөнгө салып туруучу ушул Жобо университеттин окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет жана зарылдыкка жараша өзгөртүүлөр, толуктоолор окумуштуулар кеңешинин чечими менен киргизилет. Өзгөртүүлөр 30%дан жогорулаган учурда ушул Жобо толугу менен жокко чыгарылат.<br>1.5. ОУБ ишмердигин университеттин түзүмдөрүнүн, окуу-усулдук, илимий-техникалык, предметтик, педагогикалык жана башка кеңештер, атайын комиссиялар, атайын комитеттер, илимий институттар, борборлор жана башка түзүмдөр менен өз ара кызматташтыктын чегинде жүргүзөт.<br>1.6. ОУБдун иштөөсүнүн негизги принциптери кесипкөйлүк, теңчилик, коллегиялдуулук, чынчылдык жана ачык-айкындуулук болуп саналат. | 21 ноября 2022 года №654 "О внесении изменений в некоторые решения правительства Кыргызской Республики по приданию особого статуса государственным высшим учебным заведениям", постановлениями правительства Кыргызской Республики от 5 февраля 2024 года №45 "О внесении изменений в некоторые постановления правительства Кыргызской Республики, кабинета министров Кыргызской Республики по приданию особого статуса государственным высшим учебным заведениям", от 22 июня 2023 года "О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики по вопросам образования", законом "Об образовании" от 11 августа 2023 года №179, Уставом университета и настоящим Положением.<br>1.3.Решения УМО принимаются коллегиально, открытым голосованием и носят рекомендательный характер.<br>1.4.Настоящее Положение, регулирующее деятельность УМО, утверждается ученым советом университета и по мере необходимости решением ученого совета вносятся вносятся изменения, дополнения. В случае внесения изменений более чем на 30% настоящее Положение полностью отменяется утрачивает силу.<br>1.5.УМО осуществляет свою деятельность в рамках сотрудничества со структурами университета, учебно-методическими, научно-техническими, предметными, педагогическими и другими советами, специальными комиссиями, специальными комитетами, научными институтами, центрами и другими структурами.<br>1.6.Основными принципами работы УМО являются профессионализм, равенство, коллегиальность, честность и прозрачность. |

| 2-бап. Негизги максаттары жана милдеттери | 2 глава. Основные цели и задачи |
|---|---|
| **2.1. Негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:** | **2.1.Основными целями являются следующие:** |
| 2.1.1.Билим берүүнүн, илимдин, маданияттын, техниканын, технологиянын жана башка тармактардын өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды тааныган инсанды ар тараптуу өнүктүрүү максатында эмгек базарынын жана коомдун талаптарына ылайык ОшМУда окутуунун формасына (күндүзгү, сырттан, күндүзгү сырттан (кечки), онлайн, гибриддик) карабастан билим берүүнүн бардык багыттары/адистиктери боюнча орто, жогорку, ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү программаларынын (мындан ары билим берүү программалары), кесиптик квалификацияны жогорулатуу багытындагы окуу программаларынын (мындан ары - квалификацияны жогорулатуу курстары), анык бир область (тармак) боюнча кошумча кесиптик билим берүү программаларынын (мындан ары - кошумча билим берүү курстары) түзүмүн, мазмунун, сапатын, саясатын аныктоо жана ишке ашырылышын камсыздоого жетиштирүү. | 2.1.1. Определение структуры, содержания, качества, политики и обеспечение реализации в ОшГУ программ среднего, высшего, послевузовского профессионального образования по всем направлениям/специальностям, независимо от формы обучения (очная, заочная, очно-заочная (вечерняя), онлайн, гибридная) (далее программы), учебных программ повышения профессинальной квалификации (далее курсы повышения квалификации), программ дополнительного профессионального образования по определенной области (отрасли) (далее - курсы дополнительного образования) в целях всестороннего развития личности, признающей общечеловеческие и национальные ценности, с учетом тенденций развития образования, науки, культуры, техники, технологии и других отраслей, в соответствии с требованиями рынка труда и общества. |
| 2.1.2.Университеттин билим берүү системасын Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына, дүйнөлүк академиялык коомчулукка жана эл аралык бирдиктүү билим берүү мейкиндигине интеграциялоо. | 2.1.2. Интеграция системы образования университета в систему образования Кыргызской Республики, мировое академическое сообщество и международное единое образовательное пространство. |
| 2.1.3.Мамлекеттик жана эл аралык бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү шарттарынын аткарылышын камсыз кылуу. | 2.1.3. Обеспечение выполнения условий создания единого государственного и международного образовательного пространства. |
| 2.1.4.Эмгек базарынын талаптарын эске алуу менен жогорку билимдүү адистерди даярдоонун натыйжалуу түзүмүн түзүү. | 2.1.4. Создание эффективной структуры подготовки специалистов с высшим образованием с учетом требований рынка труда. |
| 2.1.5.Университетте ишке ашырылуучу билим берүү | 2.1.5. Повышение качества результативности образовательных программ, реализуемых в университете. |

| | |
|---|---|
| программаларынын натыйжалуулугунун сапатын жогорулатуу. | |
| **3-бап. ОУБдун түзүмү**<br><br>3.1.ОУБдун курамы төмөнкүлөр:<br><br>● ОУБдун координациялык кеңеши;<br><br>● ОУБдун тармактык комитеттери.<br><br>3.2.ОУБдун координациялык кеңешине университеттин окуу иштери боюнча проректору төрагалык/төрайымдык кылат.<br><br>ОУБдун координациялык кеңешинин мүчөлөрүнүн саны 27 болуп, курамында 1/3 бөлүгү ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынан өкүлдөр, 1/3 бөлүгү өндүрүштөн, бизнес секторунан, Ата мекендик ЖОЖдордон өкүлдөр, 1/3 бөлүгү чет өлкөлүк ЖОЖдордон, өндүрүштөн өкүлдөр болот. Ректордун буйругу менен 4 жылга бекитилет. Координациялык кеңеш ОУБдун комитеттеринен келген сунуштарды, билдирүүлөрдү (кызматтык каттарды) тиешелүү локалдык-ченемдик документтердин талаптарына ылайык карап чыгып, процедуралык иш-аракеттерди жүргүзүп, тиешелүү чечимдерди кабыл алуу үчүн окумуштуулар кеңешине сунуштайт. Координациялык кеңештин отуруму ОУБдун комитеттеринен келип түшкөн маселелерге жараша бир окуу жылында 2ден кем эмес жолу өткөрүлөт, зарылчылыкка жараша кезексиз отурумдарды да уюштурууга болот. Отурум протоколдоштурат, кабыл алынган сунуштарды бекитүү жагы университеттин окумуштуулар кеңешинен суралат.<br><br>3.3.ОУБдун комитеттери төмөнкү багыттарда түзүлөт жана ар бири комитеттин тиешелүү багытындагы маселелерге гана байланышкан | **3 глава. Структура УМО**<br><br>3.1.УМО состоит из:<br><br>● Координационного совета УМО;<br><br>● Отраслевых комитетов УМО.<br><br>3.2.Председателем координационного совета УМО является проректор по учебной работе университета.<br><br>Число членов координационного совета УМО составляет 27: 1/3 членов – представители профессорско-преподавательского состава ОшГУ, 1/3 – представители производства, бизнес-сектора, отечественных вузов, 1/3 – представители зарубежных вузов, производства. Утверждается приказом ректора сроком на 4 года. Координационный совет рассматривает предложения, сообщения (служебные письма) комитетов УМО в соответствии с требованиями соответствующих локально-нормативных документов, проводит процедурные действия и представляет их на ученый совет для принятия соответствующих решений. Заседания координационного совета проводятся не реже 2 раз в учебный год, в зависимости от вопросов, поступающих от комитетов УМО, при необходимости могут быть организованы и внеочередные заседания. Заседание протоколируется, принятые решения представляются на ученый совет университета для утверждения.<br><br>3.3.Комитеты УМО формируются по следующим направлениям, и каждый из них участвует в мероприятиях, связанных только с вопросами, соответствующими направлению комитета:<br><br>1)комитет по направлениям педагогического, физического и |

| | |
|---|---|
| иш-чараларга катышат:<br>1)педагогикалык, дене тарбия жана спорттук билим берүү багыттары боюнча комитет;<br>2)физика-математикалык, инженердик-техникалык билим берүү багыттары боюнча комитет;<br>3)социалдык-экономикалык билим берүү багыттары боюнча комитет;<br>4) табигый, туризм, агрардык, ветеринардык, билим берүү багыттары боюнча комитет;<br>5)медициналык билим берүү багыттары боюнча комитет;<br>6)искусство, көркөм-маданий билим берүү багыттары боюнча комитет;<br>7)филология, журналистика, лингвистика багыттары боюнча комитет;<br>8) эл аралык интеграция багыттары боюнча комитет;<br>9)жалпы башталгыч, негизги жана орто билим берүү боюнча комитет. | спортивного образования;<br>2)комитет по направлениям физико-математического, инженерно-технического образования;<br>3)комитет по направлениям социально-экономического образования;<br>4)комитет по природным, туристическим, аграрным, ветеринарным направлениям образования;<br>5) комитет по направлениям медицинского образования;<br>6)комитет по направлениям искусства, художественно-культурного образования;<br>7)комитет по направлениям филологии, журналистики, лингвистики;<br>8) комитет по направлениям международной интеграции;<br>9)комитет по общему начальному, основному и среднему образованию. |
| **4-бап. Координациялык кеңештин ишмердиги**<br>4.1.Координациялык кеңеш окуу жылы ичинде кеңешмелерди зарылдыкка жараша уюштурат.<br>4.2.Координациялык кеңеш комитеттерден келген сунуштарды университеттин ички-ченемдик актыларынын негизинде талдап, университеттин окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунуштайт.<br>4.3.Тармактык комитеттердин иш пландарын талкуулайт жана | **4 глава. Деятельность координационного совета**<br>4.1. Координационный совет организует заседания по мере необходимости в течение учебного года.<br>4.2.Координационный совет анализирует предложения комитетов на основе внутренних нормативных актов университета и представляет их на утверждение ученым советом университета.<br>4.3.Обсуждает и утверждает планы работ отраслевых комитетов. |

| | |
|---|---|
| бекитет. Тармактык комитеттердин отчетторун, билдирүүлөрүн угат, талкуулайт, бекитет.<br><br>4.4.Коюлган маселеге ылайык тартылган эксперттердин бүтүмдөрү менен таанышат, алардын чечимдерин талкуулайт, ага ылайык сунуштарды иштеп чыгып, университеттин окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунуштайт.<br><br>**4.3. Окуу-усулдук бирикменин төрагасынын укуктары жана милдеттери**<br>4.3.1.Координациялык кеңештин ишин координациялайт, тапшырмаларды бөлүштүрөт, аткарылышын камсыздайт, бөлүштүрүлгөн милдеттердин аткарылышын, сапатын көзөмөлдөйт.<br>4.3.2.Координациялык кеңештин отурумдарын уюштурат, жыйындардарда төрагалык/төрайымдык милдет аткарат.<br>4.3.3.Эксперттердин тизмесин аныктайт.<br>4.3.4.Эксперттердин ишмердигинин максаттарын, милдеттерин, маселелерин аныктап берүүнү, ишмердигин координациялоону, эксперттин ишмердигине зарыл шарттарды түзүүнү камсыздайт.<br>4.3.5.Тармактык комитеттердин төрагаларынын\төрайымдарынын ишмердигинин жана милдеттеринин аткарылышын көзөмөлдөйт.<br>4.3.6.Жүйөлүү себептердин негизинде тармактык комитеттердин төрагаларын/төрайымдарын мөөнөтүнөн мурда кайра шайлоону уюштурат.<br>**4.4. Координациялык кеңештин катчысынын укуктары жана милдеттери**<br>4.4.1.Координациялык кеңештин катчысы координациялык кеңеш тарабынан ачык добуш берүү жолу менен шайланат. Координациялык кеңештин мүчөлөрүнүн 2/3 бөлүгү катышкан учурда гана координациялык кеңештин отурумунда кворум болот.<br>4.4.2. Координациялык кеңештин ишмердигин жүргүзүүдөгү иш кагаздарды түзөт, сактайт, электрондук документ жүргүзүүнү камсыздайт. | Заслушивает, обсуждает, утверждает отчеты, рапорта отраслевых комитетов;<br><br>4.4. В соответствии с поставленными задачами знакомится с выводами привлеченных экспертов, обсуждает их заключения, соответственно которым разрабатывает предложения и представляет их на утверждение ученым советом университета.<br><br>**4.3. Права и обязанности председателя учебно-методического объединения**<br><br>4.3.1. Координирует работу координационного совета, распределяет задачи, обеспечивает их выполнение, контролирует качество выполнения распределенных задач.<br><br>4.3.2. Организует заседания координационного совета, выполняет функции председателя на заседаниях.<br><br>4.3.3. Определяет список экспертов.<br><br>4.3.4. Обеспечивает определение целей, обязанностей, задач, вопросов деятельности экспертов, координацию их деятельности, создание необходимых условий для деятельности эксперта.<br><br>4.3.5.Осуществляет контроль за деятельностью и исполнением обязанностей председателей отраслевых комитетов.<br><br>4.3.6. Организует досрочные переизбрания председателей отраслевых комитетов на основании уважительных причин.<br><br>**4.4. Права и обязанности секретаря координационного совета**<br><br>4.4.1. Секретарь координационного совета избирается открытым голосованием членов координационного совета. Кворум на заседании координационного совета возможен только при участии 2/3 членов координационного совета; |

| | |
|---|---|
| 4.4.3.Координациялык кеңештин отурумдарын уюштурат, протоколдоштурат. | 4.4.2. Осуществляет делопроизводство деятельности координационного совета, обеспечивает электронный документооборот;<br><br>4.4.3. Организует, протоколирует заседания координационного совета. |
| **5-бап.ОУБдун тармактык комитеттеринин ишмердигинин уюштурулушу**<br><br>5.1.Ар бир тармактык комитеттин мүчөлөрүнүн саны 24төн кем эмес болуп, 25% ОшМУнун тиешелүү түзүмдөрүнөн (факультеттерден, жогорку мектептерден, институттардан, колледждерден), 25% иш берүүчүлөрдөн, бүтүрүүчүлөрдөн, 25% ата мекендик ЖОЖдордон, 25% чет өлкөлүк ЖОЖдордон болот.<br><br>5.2.ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынан тармактык комитетке мүчөлүккө тиешелүү структуралардын окумуштуулар/педагогикалык кеңешинде ачык добуш берүү жолу менен 1 жолку мөөнөткө 4 жылга шайланышат. Тармактык комитеттин сырттан тартылган мүчөлөрүнүн (иш берүүчүлөрдөн, бүтүрүүчүлөрдөн, ата мекендик жана чет өлкөлүк ЖОЖдордон) курамы тиешелүү багыттар боюнча ОшМУнун өнөктөш ишкана-мекемелеринен, ата мекендик жана чет өлкөлүк өнөктөш ЖОЖдордон сунушталат. Ректордун буйругу менен 4 жылга тармактык комитеттердин курамы бекитилет.<br><br>5.3.Тармактык комитеттин мүчөсү жүйөлүү себептер менен курамдан чыкса, бош орун ушул Жобонун 5.2. пунктуна ылайык толукталат.<br><br>5.4.Тармактык комитеттин төрагасы/төрайымы жана катчысы ОУБдун тармактык комитетинин (төрага/төрайымдын катышуусунда) жыйынында комитет мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен 4 жылга шайланат жана ректордун буйругу менен | **5 глава. Организация деятельности отраслевых комитетов УМО**<br><br>5.1.Число членов каждого отраслевого комитета составляет не менее 24, 25% - от соответствующих структур ОшГУ (факультетов, высших школ, институтов, колледжей), 25% - от работодателей, выпускников, 25% - от отечественных вузов, 25% - от зарубежных вузов.<br><br>5.2.Члены отраслевого комитета избираются единовременно сроком на 4 года из профессорско-преподавательского состава ОшГУ открытым голосованием на ученом/педагогическом совете соответствующих структур. Состав внешних привлеченных членов отраслевого комитета (от работодателей, выпускников, отечественных и зарубежных вузов) по соответствующим направлениям предлагается предприятиями-партнерами ОшГУ, отечественными и зарубежными вузами-партнерами. Составы отраслевых комитетов утверждаются на 4 года приказом ректора.<br><br>5.3.При выходе члена отраслевого комитета из состава по уважительной причине вакантное место восполняется в соответствии с п. 5.2 настоящего Положения.<br><br>5.4. Председатель и секретарь отраслевого комитета избираются на 4 года открытым голосованием членов комитета на заседании отраслевого комитета УМО (с участием председателя) и утверждаются приказом ректора. |

| | |
|---|---|
| бекитилет.<br><br>5.5.Окуу жылдын башында ар бир тармактык комитеттин жылдык иш планы түзүлөт жана ОУБдун төрагасынын макулдашуусу менен ректор тарабынан бекитилет.<br><br>5.6. Бир окуу жылында ар бир комитет 4 жолудан кем эмес кеңешме өткөрөт.<br><br>5.7. Кеңешмеге комитеттин 60%дан кем эмес мүчөлөрү катышкан учурда гана чечимдер кабыл алынат. Кеңешме гибриддик формада онлайн (сырттан тартылган мүчөлөрү үчүн) жана офлайн (ОшМУнун профессордук-курамынан тартылган мүчөлөр үчүн) өткөрүлөт.<br><br>**5.8. ОУБдун тармактык комитеттеринин милдеттери**<br><br>5.8.1. Тиешелүү билим берүү программаларын ишке ашырууда окуу-методикалык, илимий-методикалык иштерди жетектөөчү эрежелердин жана принциптердин негизинде атайын сунуштарды иштеп чыгуу, ОУБдун координациялык кеңешине сунуштоо.<br><br>5.8.2.ОшМУда ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын жүзөгө ашырууда окуу процессин уюштуруунун жана окуу-методикалык ишмердикти жүргүзүүнүн эрежелерин жана нормаларын иштеп чыгуу, ОУБдун координациялык кеңешине сунуштоо.<br><br>5.8.3.Университетте адистерди даярдоо профилин аныктоо, өзгөртүү, билим берүү стандарттарында кошумча кесиптик компетенцияларды аныктоо боюнча сунуштарды киргизүү, ОУБдун координациялык кеңешине сунуштоо.<br><br>5.8.4.Заман талабына жана билим берүүнү өнүктүрүүнүн дүйнөлүк тенденцияларына ылайык билим берүүнүн стандарттарын аныктоодо "ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуунун жана | 5.5. В начале учебного года составляются годовые планы работ каждого отраслевого комитета и по согласованию с председателем УМО утверждаются ректором.<br><br>5.6. Каждый комитет проводит не менее 4-х совещаний в течение одного учебного года.<br><br>5.7. Решения принимаются только в том случае, если на собрании присутствует не менее 60% членов. Совещание проводится в гибридной форме: онлайн (для членов, привлеченных из других организаций) и офлайн (для членов, привлеченных из профессорско-преподавательского состава ОшГУ).<br><br>**5.8. Обязанности отраслевых комитетов УМО**<br><br>5.8.1.Разработка специальных предложений на основе правил и принципов, регламентирующих учебно-методическую, научно-методическую работу при реализации соответствующих образовательных программ, представление на координационный совет УМО.<br><br>5.8.2.Разработка правил и норм организации учебного процесса и осуществления учебно-методической деятельности при реализации образовательных программ в ОшГУ, представление на координационный совет УМО;<br><br>5.8.3.Определение, изменение профиля подготовки специалистов в университете, внесение предложений по определению дополнительных профессиональных компетенций в образовательных стандартах, представление на координационный совет УМО;<br><br>5.8.4.Осуществление деятельности в соответствии с "Положением о разработке и утверждении образовательных стандартов в ОшГУ " при определении образовательных стандартов согласно |

| | |
|---|---|
| бекитүүнүн жобосуна" ылайык иш алып баруу. | требованиям времени и мировым тенденциям развития образования. |
| 5.8.5.Университетте даярдалуучу билим берүү багыттарын лицензиялоодо "ОшМУда билим берүү багыттарын лицензиялоонун жобосуна" ылайык иш алып баруу. | 5.8.5.Осуществление деятельности в соответствии с "Положением о лицензировании направлений образования в ОшГУ" при лицензировании направлений образования, разрабатываемых в университете. |
| 5.8.6.Негизги жана кесиптик билим берүү программаларын бекитүүдө "ОшМУда окуу пландарын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн жобосуна" ылайык иш алып баруу. | 5.8.6.Осуществление деятельности в соответствии с" Положением о разработке и утверждении учебных планов в ОшГУ" при утверждении программ основного и профессионального образования. |
| 5.8.7.Университетте иштелип чыккан окуу пландарын бекитүүдө "ОшМУда окуу пландарын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн жобосуна" жана "ОшМУда окуу процессин уюштуруунун жобосуна" ылайык иш алып баруу. | 5.8.7.Осуществление деятельности в соответствии с "Положением о разработке и утверждении учебных планов в ОшГУ " и " Положением об организации учебного процесса в ОшГУ" при утверждении учебных планов, разработанных в университете. |
| 5.8.8.Билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган окутуунун жаңы ыкмаларын, технологияларын жана инструменттерин киргизүү сунуштарын ОУБдун координациялык кеңешине сунуштоо. | 5.8.8.Представление на координационный совет УМО предложений по внедрению новых методов, технологий и инструментов обучения, направленных на повышение качества образования. |
| 5.8.9.Билим берүүнүн сапатына жана натыйжалуулугуна мониторинг инструменттерин бекитүүнү ОУБдун координациялык кеңешине сунуштоо. | 5.8.9.Представление на утверждение координационным советом УМО инструментов мониторинга качества и эффективности образования. |
| 5.8.10.Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасынын билим берүү стандартына шайкеш болуусун камсыздоо, бекитүүгө сунуштоо. | 5.8.10.Обеспечение соответствия программы итоговой государственной аттестации образовательному стандарту, представление на утверждение. |
| 5.8.11.Билим берүү программасын ишке ашырууда зарыл болгон окуу-усулдук адабияттардын тизмесин талдоо, бекитүүгө сунуштоо. | 5.8.11.Анализ перечня учебно-методической литературы, необходимой при реализации образовательной программы, представление на утверждение. |
| 5.8.12.Билим берүү программасын ишке ашырууга зарыл болгон программалык, техникалык, материалдык каражаттардын тизмесин талдоо, бекитүүгө сунуштоо. | 5.8.12.Анализ перечня программных, технических, материальных |
| 5.8.13.Билим берүү программасын ишке ашырууга зарыл болгон, | |

| | |
|---|---|
| университеттин профессордук-окутуучулук курамы же кызматкери тарабынан жазылган окуу китептеринин, окуу-усулдук колдонмолорунун кол жазмаларына рецензия берүү. | средств, необходимых для реализации образовательной программы, представление на утверждение. |
| 5.8.14.Түзүмдөрдөн келип түшкөн долбоордук, курстук, квалификациялык, дипломдук, магистрдик иштердин темаларынын илимийлүүлүгүн, өндүрүштүк маанилүүлүгүн, инновациялуулугун талдоо, бекитүүгө сунуштоо. | 5.8.13.Рецензирование рукописей учебников, учебно-методических пособий, необходимых для реализации образовательной программы и написанных профессорско-преподавательским составом или сотрудниками университета. |
| 5.8.15.Окуу пландардагы дисциплиналардын тизмесин талдоо, бекитүүгө сунуштоо. | 5.8.14.Анализ научной, производственной значимости, инновационности тем проектных, курсовых, квалификационных, дипломных, магистерских работ, поступивших из структурных подразделений, представление на утверждение. |
| 5.8.16.ЖОЖдон кийинки билим берүүнүн окуу пландарын жана ББП долбоорлорун, кошумча билим берүүнүн, кесиптик квалификацияны жогорулатуунун окуу программаларын талдоо жана бекитүүгө ОУБДун координациялык кеңешине сунуштоо. | 5.8.15.Анализ перечня дисциплин в учебных планах, представление на утверждение. |
| | 5.8.16.Анализ и представление на утверждение координационным советом УМО учебных планов послевузовского образования и проектов ОП, учебных программ дополнительного образования, повышения профессиональной квалификации |
| **5.9. ОУБдун тармактык комитеттери төмөнкү укуктарга ээ** | **5.9. Отраслевые комитеты УМО обладают правом:** |
| 5.9.1.ОУБдун тармактык комитеттери өзүнө жүктөлгөн маселелерди жана милдеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн түрдүү жумушчу жана эксперттик топторду, комиссияларды түзүү үчүн ОУБДун координациялык кеңешинин төрагасына сунуштарды берүүгө. | 5.9.1.Давать рекомендации председателю координационного совета УМО по созданию различных рабочих и экспертных групп, комиссий для эффективного выполнения возложенных на отраслевые комитеты задач и обязанностей. |
| 5.9.2.Тармактык комитет өзүнө жүктөлгөн милдеттердин чегинде каралып жаткан маселе боюнча тиешелүү түзүмдөрдөн маалыматтарды, материалдарды, иш кагаздарды алууга, иликтөөгө. | 5.9.2.Получать от соответствующих структур информацию, материалы, документы, расследовать, рассматривая вопросы, в рамках возложенных на отраслевой комитет задач. |
| 5.9.3.Иштелмелерди иштеп чыгууга авторлордун коллективин, жумушчу топту, мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн эксперттик топторду түзүүгө, алардын ишин координациялоого, алардын ишмердигине баа берүүгө, бул боюнча жетекчиликке сунуш берүүгө. | 5.9.3.Создавать коллектив авторов, рабочую группу для подготовки разработок, экспертные группы для проведения мониторинга и оценки, координировать их работу, оценивать их |
| 5.9.4.Университетте билим берүүнү өнүктүрүү, тажрыйба алмашуу максатында ата мекендик, чет өлкөлүк, коомдук жана кесиптик | |

| | |
|---|---|
| бирикмелер, ассоциациялар жана окуу жайлар менен кызматташууга.<br><br>5.9.5.Университетте билим берүүнүн мазмунун жакшыртуу жана сапатын жогорулатуу боюнча жетекчиликке сунуш берүүгө.<br><br>5.9.6.Университетте билим берүүнүн мазмунун жана сапатын жогорулатуу боюнча семинарларды, кеңешмелерди, талкууларды, коомдук угууларды ж.б. иш-чараларды өткөрүүгө.<br><br>5.9.7. Адистерди даярдоонун сапаты билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келбегендиги жөнүндө даттануулар катталса, билим берүү программасынын ишке ашырылышын текшерүүгө, билим берүү программасынын лицензиясын кайтарып алууга сунуш берүүгө.<br><br>5.9.8.Билим берүү программаларынын эффективдүү ишке ашырылышына, студенттердин окуу жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү максатында тышкы баалоолорду жүргүзүү, жыйынтыктары боюнча жетекчиликке маалыматтарды, сунуштарды берүүгө.<br><br>5.9.9.Билим берүү процессинин натыйжалуулугун баалоо, окутуунун натыйжаларын талдоо, усулдук ыкмаларды колдонуунун натыйжалуулугун баалоо, зарыл учурда окуу процессинин мазмунуна жана уюштурулушуна оңдоолорду, түзөтүүлөрдү киргизүүнү жетекчиликке сунуштоого. | деятельность, давать рекомендации руководству по этому вопросу.<br><br>5.9.4.Сотрудничать с отечественными, зарубежными, общественными и профессиональными объединениями, ассоциациями и учебными заведениями в целях обмена опытом, развития университетского образования.<br><br>5.9.5.Давать рекомендации руководству по улучшению содержания и повышению качества образования в университете.<br><br>5.9.6. Проводить в университете семинары, совещания, дискуссии, общественные слушания и другие мероприятия. по повышению содержания и качества образования.<br><br>5.9.7.При регистрации жалоб о несоответствии качества подготовки специалистов требованиям образовательных стандартов проверять реализацию образовательной программы, предлагать отозвать лицензию образовательной программы.<br><br>5.9.8.Проводить внешнюю оценку с целью мониторинга эффективной реализации образовательных программ, успеваемости учащихся, по результатам которой предоставлять руководству информацию, рекомендации.<br><br>5.9.9.Оценивать эффективность образовательного процесса, анализировать результаты обучения, оценивать эффективность применения методических приемов, при необходимости предлагать руководству внести корректировки в содержание и организацию учебного процесса. |
| **6. Эксперттер**<br><br>6.1. Билим берүү программасын лицензиялоодо, билим берүү стандарттарын, эксперименталдык окуу пландарын иштеп чыгууда төмөнкү тармактардан бир жолу иштөөчү эксперттер тартылат: | **6. Эксперты**<br><br>6.1.К лицензированию образовательных программ, разработке образовательных стандартов, экспериментальных учебных программ привлекаются для работы единовременной работы |

| | |
|---|---|
| - ата мекендик ЖОЖдордун илимий-педагогикалык кызматкерлеринен;<br><br>- чет өлкөлүк ЖОЖдордун илимий-педагогикалык кызматкерлеринен;<br><br>- кызыктар тараптардан (иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, эл аралык жана коомдук фондордон, жергиликтүү жана мамлекеттик мекемелерден).<br><br>6.2.Эксперттердин ишмердиги университет менен түзүлгөн келишимдин негизинде техникалык тапшырмаларга ылайык жүргүзүлөт.<br><br>6.3.Эксперттер бири-биринен көз карандысыз иштешет жана алардын эксперттик бүтүмдөрү тиешелүү тармактык комитеттерде каралып, сунуштары эске алынат, ОУБдун координациялык кеңешинде чечимдерди кабыл алууда эске алынат. | специалисты следующих отраслей:<br><br>-научно-педагогические сотрудники отечественных вузов;<br><br>-научно-педагогические сотрудники зарубежных вузов;<br><br>-заинтересованные стороны (работодатели, выпускники, международные и общественные фонды, местные и государственные организации).<br><br>6.2.Деятельность экспертов осуществляется на основе составленного с университетом договора согласно техническим заданиям.<br><br>6.3.Эксперты работают независимо друг от друга, их экспертные заключения рассматриваются в соответствующих отраслевых комитетах, предложения учитываются при принятии решений координационным советом УМО. |